
Математика 5- класс

11.03.2022ж.

Сабактын темасы: Математика биздин жашообузда




Сабактын тиби: өтүлгөн материалдарды бышыктоо

Сабактын методу: Көрсөтмөлүүлүк, суроо-жооп,топтордо иштөө

Ресурстар: сүрөттөр, формулалар, карточкалар.,проектор,ноутбук,ватмандар

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу: класстын ичин сабакка даярдоо, окуучуларды топторго бөлүү, журналга теманы жазып, келбеген окуучуларды жоктоо. Топторго бөлүү, аларга ат коюу.Баалоо баракчаларын таратуу.Топторго лидер шайлоо.Алтын эреже менен тааныштыруу.

Алтын эреже менен тааныштыруу

Үй тапшырманы текшерүү: тапшырманы текшерүү катанын үстүнөн иштөө, Окуучулар сааттын жебеси менен үй тапшырманы текшеришет.Слайдда туура жообу көрсөтүлүп окуучулар бири бириникин тууралашат.

Мугалим: Кана эмесе балдар бүгүн биздин сабагыбыз жарыш сабагы болот. Биз сабакты баштаарда бизге эң биринчи тема керек.Ал теманы биз өтүлгөн темаларды кайталоо аркылуу ачып алалы. анда эмесе баштайлы сабакты.Биз математиканы жашоо турмушубуздун кайсыл жеринде колдонобуз? Бул математика илими биздин жашообузга керекпи? Бүгүнкү сабакта биз Семеновка айылына балдар паркын курабыз. Үйгө берилген тапшырма менен балдар паркынын аянтын таап алабыз.

- *1) Узундук бирдиги(метр)*
- *2) Бир орундуу натуралдык сан(5)*
- *3) Эки санды кошкондо келип чыккан жыйынтык(сумма)*
- *4) Бардык жактары барабар тик бурчтук(квадрат)*
- *5) Өзгөрмөсү бар туюнтма(тендеме)*
- *6) Бөлүүнүн жыйынтыгы(тийинди)*
- *7) Бир санды экинчисинен кемиткендеги жыйынтык(айырма)*
- *8) Эң чоң үч орундуу сан(999)*
- *9) Алымы бөлүмүнөн кичине болгон бөлчөк(дурус)*
- *10) Алыма бөлүмү менен бирдей же болбосо алыма бөлүмүнөн чоң болгон бөлчөк...(буруш)*
- *11) Сандар канча цифралардын жардамында жазылат?(10)*
- *12) Көлөмдү табуунун формуласы...(v=a*b*c)*
- *13 )Аянтты табуунун формуласы...(s=a*b)*
- *14) 10 см канча мм бар?(100мм)*
- *15) 1дм кв канча см кв барабар?(100см кв)*
- *16) 15-5*2= ? (5)*

*Жагымдуу маанай түзүү*

*Ар бир топтун лидерлери каалоо тилек айтуу*

1-тапшырма

Эми биздин тапшырмабыз ушул балдар паркына кичине салымдарыбызды кошуп ушул жерде турган төрттөөнү орнотобуз. Азыр лидерлер чыгып бирден кагаз кармасын анан ичиндеги берилген тапшырманы аткарышса жообунда чыккан жыйынтык бул баркында корсотулгон ошол жерге орнотобуз. Кана эмесе балдар баштайлы.

Дурус бөлчөк командасы

Тик бурчтуктун жактары 18м жана 12м.Экинчи тик бурчтуктун аянты андан 2 эсе чоң жана бир жагы 24м болсо анын экинчи жагын тапкыла.

1) 18м*12м=216м кв

2) 216м кв*2=432м кв
3) 432м кв / 24м=18м

Жообу :18м

Буруш бөлчөк командасы

Тик бурчтуктун туурасы 35м,узуну андан 20см ге чоң.Анын аянтын таап м кв менен туюнткула.

1) 35м+20см=35м 20см

2)35м=3500см

3) 3500см*3520см=12 320 000см кв

4) 12 320 000 см кв=1232м кв

Жообу:1232м кв

Аралаш сан командасыө


Тик бурчтуктун аянты 720м кв.Бир жагы 90м болсо ,периметрин тапкыла.
1) 720м кв/90м=8м
2) Р=(8+90)*2=196м


Жообу: 196м


Мугалим: тапшырманы туура аткарыпсынар азаматсынар! Балдар паркынын толук иштөөгө мүмкүнчүлүгү бар экенине ишенимдүү айта алабыз.Кичине болсо дагы биз балдар паркына салымыбызды коштук.


Окуучулардын билимин актуалдаштыруу: Аянт менен көлөмдүн эмне айырмасы бар?Аянты кандай формула менен аныкталат? Окуучулар суроолорго алган билимдерине таянып жооп беришет.

Физминутка:










Мугалим: кана балдар курулуш иштери катуу жүрүп жатат. Бир аз чарчап калдынар сыяктуу. Денелерге көнүгүүлөрдү жасап алалы да жумушубузду улайлы. Мен силерге эсептерди жана сүрөттөрдү көрсөтмөкчүмүн. Силер эсептөөлөрдү оозеки аткарып, туура деп эсептеген жообунардагы сүрөттүн элесин туурайсынар.

Окуучулар мугалим айткандай аткарышат.

Сабакты бышыктоо:

*«Уландысы сенден болсун» ыкмасы*

*Дурус бөлчөк командасы*

Дөңгөлөк үстүндөгү үйдүн бир  гранынын узуну 11м.

Ал эми бийиктиги  5м.

Аянтын тапкыла.

S=11м* 5м=55м кв

Жообу:55м кв

Буруш бөлчөк командасы

Дөңгөлөк үстүндөгү үйдүн экинчи гранынын узуну 8м ал эми бийиктиги 5м.

Аянтын тапкыла.

S=8м * 5м= 40м кв

Жообу: 40м кв

Аралаш сан командасы

Дөңгөлөк үстүндөгү үйдүн бир гранынын аянты 55м кв.

Ал эми экинчи гранынын аянты 40м кв. Жалпы грандарынын аянтын тапкыла.

S=(55м кв+40м кв)*2=190м кв

Жообу: 190 м кв.

Мугалим: мына балдар бүгүнкү сабагыбыз да аягына чыкты. Мен күткөндөй эле силер тапкычтыгынар, ой жүгүртүүнөрдүн, логиканардын, эске тутуунардын күчтүүлүгү менен берилген тапшырмаларды туура, так аткардынар.Сабакка мыкты даярдангандынар жана активдүү катышканынар үчүн чон рахмат!

Окуучулардын билимин баалоо.